| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ *(Улутстатком)* | | НАЦИОНАЛЬНЫЙ СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОМИТЕТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ *(Нацстатком)* |
|---|---|---|
| ***Буйрук*** | **Бишкек ш.** | ***Приказ*** |

«24» март 2017-ж. №28

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин борбордук аппаратында жана мамлекеттик статистиканын аймактык, ведомстволук органдарында иш-кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-ноябрындагы №478-б буйругунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрында №617 токтому менен бекитилген 2017-жылдын Статистикалык иштеринин программасын жана "Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын" ишке ашырууга багытталган иш-чаралардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыздоо ирээтинде

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. КР Улутстаткомунун борбордук аппаратында жана мамлекеттик статистиканын аймактык, ведомстволук органдарында иш-кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча иш-чаралардын кынтыксыз аткарылышы ушул буйрук чыккандан күндөн баштап башкармалыктардын, бөлүмдөрдүн жетекчилеринин тике көзөмөлүнө алынсын.

2. КР Улутстаткомунун төрагасынын орун басарларына борбордук аппараттын жана мамлекеттик статистиканын аймактык, ведомстволук органдарынын башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн жетекчилери квартал сайын өз карамагындагы түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүнүн мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү тууралуу маалыматтарын жана сөзсүз түрдө бул багыттагы абалды жакшыртуу боюнча сунуштарын берип турсун.

3. Жыйынтыктоо иштери жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү (Турдубаева Ч.С.), Статистиканы уюштуруу жана координациялоо бөлүмү (Ермекбаева Г.Б.), Эл аралык кызматташтык бөлүмү (Байматова Л.Р.) расмий маалымат булактары аркылуу жайылтылуучу статистикалык маалыматтардын түп нускаларынын, котормолорунун сапаттуу даярдалып, басылып чыгышын камсыздашсын.

Статистикалык басылмалардын (классификаторлор, бюллетендер, сөздүктөр, ж.б.) сапаттуу даярдалышын камсыздоо максатында тиешелүү тармактар боюнча адистерди камтыган эксперттик топ бир айлык мөөнөттүн аралыгында түзүлсүн.

4. Эл аралык кызматташтык бөлүмү (Байматова Л.Р.) статистикалык маалыматтардын мамлекеттик тилге которулушун уюштуруу жаатында донорлук уюмдар менен байланыштарды түзүп, тиешелүү иш-чараларды белгилесин.

5. КР Улутстаткомунун Башкы эсептөө борбору (Курманкулов О.Ш.) жана Ресурстук-методикалык борбору (Рысалиев Р.) өз курамындагы бөлүмдөрдө жана түзүмдөрдө даярдалуучу иш-кагаздардын, басылмалардын мазмундук, көркөмдүк деңгээлин жогорулатууну камсыздашсын.

5. Бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо башкармалыгы (Штыбаева Г.С.):

- эксперттик топтун мүчөлөрүнө жана убактылуу котормо иштерин аткарган адистерге эмгек акысын төлөп берүү булактарын аныктасын жана тиешелүү түрдө төлөнүп турушун камсыздасын.

6. КР Улутстаткомунун аппарат жетекчиси (Алымкулова Э.Н.) бул буйрукту борбордук аппараттын жана мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирүүнү камсыздасын.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо милдети КР Улутстаткомунун төрагасынын орун басарларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Ш. Султанов**

| | |
|---|---|
| Төраганын биринчи орун басары | А. Т. Оросбаев |
| Төраганын орун басары | Л.А. Текеева |
| Төраганын орун басары | Б.К. Касымбеков |
| Аппарат жетекчиси | Э.Н. Алымкулова |
| Бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо башкармалыгынын начальнигинин милдетин аткаруучу | Г.С. Штыбаева |
| Коррупцияларды алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкер | М.Т. Оморова |

Аткаруучуларга берилди. Сайтка жайгаштырылды 24.03.17